КЫРГЫЗСТАН Маданияты 3 №19 (1215), 10 май 1990-жыл

Өчпөс издер

Сувакун Бегалиев, Зайнидин Курманов

# БИРИНЧИ СЪЕЗДДИН ДЕЛЕГАТЫ

төрагасы А. Орозбеков, облпландын төрагасы М. Янгулатов ж. б. катышкан бул топтун мүчөлөрү партиялык түрдүү жазаларга тартылды. «Отузчулардын» ишине Ю. Абдрахманов да катышкан деген күмөн саноолорду Орто Азия бюросунун комиссиясы далилдей албай, ал комиссия Ю. Абдрахмановдун жаатчылык күрөшкө катышкандыгы жөнүндөгү материалды партиянын БКсына өткөрүп берген.

Кийин «отузчулардын» тагдыры кайгылуу чечилди: 1933—1937-жылдары алардын дээрлик бардыгы түрмөлрдө, айдоолордо жүрүп, өлүп тынышты. КПССтин XX съездинен кийин алиги топтун дээрлик бүт катышуучулары кеч болсо да акталды. Камакка алынаардан мурун эле партиянын катарынан чыгарылгандыктан, А. Сыдыков менен И. Арабаев акталгандардын катарына кошулбай калды.

Партиядан чыгарылгандан кийки А Сыдыков облаткой алдындагы Кытайдан кайткан качкындарды жайгаштыруу боюнча комнссиянын төрагалыгынан бошотулгап.' Анын өмүрүндөгү дагы бир маанилуу учурду — 1925 жылы март айынын этегинде еткен Ка ра Кыргыз АОсунун Советтеринин I негиздөөчү сьездин белгилей кетели. Областтын бул биринчи съезди РСФСР

анын өнүгүү жолундагы кечиктирилгис маселелерди — жер бөлүштүрүү, калкты кооперацияга тартуу, эл чарбасын жана агартуу иштерин көтөрүү, улуттар аралык мамилелерди жөнгө салуу иштерин талкууламак. А. Сыдыков бул съездде эки жолу жарыш сөзгө чыгат. Ошол сөздөрү анын социалисттик курулуштун тигил же бул маселелерине болгон көз карашын айкын көрсөтөт.

Алсак, 28-мартта экинчи жыйында жер белуштүрүү боюнча докладды талкуулоодо чыгып суйлөгөн сөзүндө бир нече принципиалдуу жана маанилуу сын пикирлерин айткан: биринчиден, жер бөлүштүрүүнү ишке ашыруу айыл чарбасын жакшыртуу менен айкалыштырылган эмес. Экинчиден. ККАОнун негизги милдети — 1921 —1922-жылдардагы жер-суу реформасын жүргүзүү мезгилиндегидей орус дыйкандарына карата аша чаап кетүүлөргө жол бербей, орус жана жергиликтуу кембагалдар ортосунда жер маселесин жөнгө салуу. Анда бардык орус дыйкандарды дүңүнөн баскынчы кулак-орустар дей салып, жерлери тартылып алынган болчу. Үчүнчүдөн, чарбаларды улуту боюнча бөлүп-жарбай айыл чарбасын, аны өнүктүрүүнү жалпысынан ойлонуштуруу керек. Төртүнчүдөн, чарбаны жаңы экономикалык саясаттын негизинде жүргүзүү зарыл. Бешинчиден, Кытайдан кайткан качкындарды жайгаштыруу маселесин, алтынчыдан, көчмөн турмушубуз айыл чарбасын өнүктүрүүгө кедерги болуп жатканын кароо.

29-марттагы 6-жыйында айыл чарбасын кооперациялоо боюнча докладга чыгып сүйлөгөн жарыш сөзүндө А. Сыдыков Кыргызстандын жашоочулары, айрыкча кыргыз калкы азырынча айыл чарба кооперациясынын маанисине жете түшүнө бербегендиктен. алгач кооперация менен европалыктарды камтуу керек деген сунушун айткан.

Жогоруда айтылгандардын баары А Сыдыков нукура интернационалист, тажрыйбалуу коммунист экендигин айкындайт. Бирок М. Каменский кадр саясатынын лениндик принциптерин бузуп, Худайкуловдун көкүтүүсү менен А. Сыдыковдун съезд шайлаган Кыргыз облаткомунун курамына киргизууге тоскоолдук кылат. Анын пикирлеш достору Ю. Абдрахманов менен И. Арабаев да киргизилбейт.

«Досуң ким экенин айтчы, сенин ким экениңди өзүм айтам» деген сыңары, А. Сыдыковдун бактысына, анын достору Кыргызстандын эң билимдүү адамдарынан болуп. алардын акыл дүйнөсү доорунан ашып түшкөн.

И. Арабаев жогорку диний билими бар агартуучу, илимий жана маданий ишмер катары жамы журтубузга белгилуу эле. Даанышман аксакалыбыз Сагымбай Орозбаковдун оозунан жаздырып алган «Манас» эпосунун мыкты варианты да ошол кишинин шарапаты. И. Арабаев кыргыздын туңгуч окуулуктарын даярдоого, алгачкы мектептерди ачууга алгачкы гезитибиз «Эркин тоонун» туңгуч санын жарыкка чыгарууга жигердуу катышып. кыргыз элинин көөнөрбөс оозеки чыгармачылыгын жана аларды басып чыгарууга да көп күч жумшаган. Кечээ жакында гана партиялуулугу акталган Ю. Абдрахманов учурунда абройлуу саясий ишмерге чейин жетилип. Кыргыз АССРинин  Эл Комиссарлар Советинин төрагасы болот, мындан тышкары ал тарыхчы  жана публицист, өткүр мүнөз, акылы жетик айкол адам эле.

Сыдыков кайрадан Ташкентке көчүп келет да, Орто Азия мамлекеттик университетинде экономист болуп иштейт. Бул аймактагы тунгуч «илим бешиги» болгон САКУда А. Сыдыков аалымдар менен таанышып, кыргыз элинин түп тарыхын тереңирээк изилдей баштайт. Академик В. В. Бартольддун маареке тоюнда окулган А. Сыдыковдун «Кыргыз элинин уруулук бөлүнүшү» деген доклады «В. В. Бартольд — Туркестанские друзья» (Ученики и почитатели. Ташкен, 1927, 273—300-б.) деген китепте жарыяланган. Ал эмгеги бугунку күндө да адис тарыхчылардын, айрыкча этнографтардын жана кыргыз элинин тарыхына кызыккандардын бардыгын өзүнө тартпай койбойт. Аны ушул азыр тарыхтын ак барагы катары жарыяласак, элибиз өз да болсо канааттандырбайт беле? Кыргыздардын уруулук бөлүнүшүн эскерип эле койсоң балээге калчу кез, «катуу сөгүш» түгүл, партбилеттен айрылып, жумуштан да кол жууп калчу каат жылдардын кайым болгону чын десек. анда аталган эмгекти кечиктирбей басып чыгарууну тездеткенибиз жөн.

Кийннчерээк А. Сыдыков Пахта институтунда — азыркы Ташкен айыл чарба институтунда — суу чарба факультетинин деканынын орунбасары болуп иштейт.

1931-жылы жазында А. Сыдыковдун уюштуруучулук жана адистик сапаттарын эске алып, Кыргыз АССРинин өкмөтү аны республиканын Мампланына иштееге чакырат. 1933-жылдын 9-майына чейин, өзү камакка алынгычакты, ал биерде мал чарба секторунун башчысы — Мампландын төрагасынын орунбасары болуп иштейт. А. Сыдыковдун а кездери techниститутта окуган улуу кызы Нуржамал-апа атасынын камакка алынуусу жөнүндө: «1933-жылы 9-май күнү мен институтта азыраак кармалып калдым эле, үйүбүзгө жакыныраак келгенде НКВДнын кара машинесин көрдүм. Үйдүн калиткесин көздөй басканымды көрүштүбу, айтор машинеден формачан эки киши чыкты да, аякка баруугa болбойт дешти. Аларга Сыдыковдун кызымын десем, үйгө кирүүгө уруксат беришти. Алгач эле көзгө урунганы — үйдүн ичи үч көтөрүлүп калыптыр. Жатак бөлмөдө жөнөкөй кийинишкен уч киши опус кылып жатышкан экен, дагы бир-экоосу атамын кабинетинде анын кагаздарын окуп, китептерин аңтарып жатыптыр. Атам үйдө жок экен», — деп эскерет. Нуржамал-апа кийин энесинен укканына караганда, опус болоор алдыпда Совнаркомдун бир адамы келип. ишинен жаңы эле кайткан А. Сыдыковго «Абдрахманов менен Шахрай чакырып жатат» — дептир. А Сыдыков болсо «материалды эбак эле даярдап койгом, эртең аларга өзүм кирем» — деп каяша кылат, бирок аялынын «чакырып жатса шашылыш иши бардыр, бара бербейсиңби» деген сөзүнөн кийин плащын кийип, алиги бейтаанышты ээрчий үйдөн чыгат. Алар кетээр замат Сыдыковдун аялы эринен азык-тулук талондорун албай калганын эстей коюп, артынан тун уулун чуркатат. Көп өтпөй бала кайтып келет да. деми кыстыга: атасын кууп жеткенин, бирок ага жолотушпай койгонун, аны уч киши коштоп кеткенин айтат. Үйдөгүлөр мындай суук кабардан антип-минтип эсин жыйгыча, үйдүн жанына бир машине келип токтоп калат. Андан аркы окуяга Нуржамал-апа өзү күбө болуп, кошунасы В. П. Коноваловдун кепилдиги астында түзүлгөн актыны өз көзү менен көрөт. Анан дагы НКВДнын кызматкерлери атасынын колжазмалары шыкалган чоң сандыкты көтөрө чыгышканы да эсте калыптыр.

Алгач Сыдыковду шаардык турмөгө камашып анан Ташкенге которушат. Нуржамал-апа түйүнчөгүн көтөрүп, аякка да барат жолугушам деген үмүттө, бирок анын апкелгендерин алышат да. жолугушууга уруксат беришпейт. 1943-жылдын 28-февралында А. Сыдыковду ТуркВОнун аскер трибуналы 10 жылга кесет Биринчи кабар андан 1935-жылы Чита шаарынан келет, акыркысын 1937- жылы алышат...

КПССтнн XX съездннен кийин А. Сыдыковдун уулуна келген справкада Абдыкерим Сыдыков 1938-жылы абактыда жатып дуйнеден кайткан деп көрсөтүлгөн.

А. Сыдыковго кийин, 1936—1938- жылдары көндүмгө айланып кеткен «контрреволюциячыл уюм Социал-Туран партиясын түзгөн» деген ай-

Эле, Социал-Туран партиясы да эзели болбоптур, кийин далилденип отурбайбы. Мындан тышкары Сыдыковго буржуазиячыл улутчулдук, Кыргызстанды СССР курамынан болуп алуу, бай-манаптардын бий- лигин орнотуу аракеттери сыяктуу күнөөлөр да таңууланган. Ал аз келсе, Кыргыз АССР советтеринин 1935-жылы январда өткөн IV курултайында Кыробкомдун катчысы М. Белоцкийдин А. Сыдыковго койгон дагы бир айыбына токтололу: «Кеңеш бийлигин жоюп, кайрадан бай-манаптарды бийлик башына коюуга аракеттенген контрреволюционер Сыдыков өзүнүн көрсөтүүлөрүндө анын контрреволюциячыл иштерннин башкы ыкмасы — күчтөп коллективдештирүү экенин мойнуна алган». Бу сандырак айыптоолор А. Сыдыковдун өмур баяны менен, Кеңеш бийлиги жана социализмди орнотууга тикелей катышуусу менен караманча төгүндөлөт. А кездеги «айныксыз далилдер» кантип кагылып алынган азыр жамы журтубузга маалым го. Дагы бир жагдайды — күчтөп коллективдештирүүнү алсак, Сталин өзү ошол ыкмага үндөгөнү калп беле?! Айла кеткенде «ууру күч болсо, ээси айыпка жыгылат» дегенди эстейсиң.

Ошентип, Сыдыковду кармап, соттогондон кийин «сыдыковщина», «сыдыковская контрреволюционная организация» деген жарлыктар чыга келди. Жогорудагы сөздөр жада калса, ушу күнгө чейин айрымдар үчүн

кудум «каракчыдай» көрүнөт. Курулай дүрбөтпөс үчүн, алардын аттарын атабай эле коёлу...

А. Сыдыковдун баласы кечээ жакында жогору бир бийликтерге жиберген суранычына алган жоопту да эскичил ой жүгүртүүнүн талмасы дегиң келет. Ал справкада: «1924- жылдын 16-сентябрында А. Сыдыков социалдык жат элемент катары КПТ БКК тарабынан партиядан чыгарылган. 1924-жылы 11-декабрда КПТ БАКтын чечими менен партиянын мүчөлүгүнө калыбына келтирилген. РКП(б) Кыробкомунун жооптуу катчысы М. Д Каменскийдин айтымында, ал 1925-жылга чейин партиядан жалпысынан 4 жолу чыгарылган. 1925-жылы Сыдыков «отузчулардын» жетекчилеринин бири болгон. РКП(б) БКК комиссиясынын
тыянактарынын негизинде 1925-жылы июль айында РКП(б) БКнын Орто Азия бюросунун чечими менен ал бешинчи жана акыркы жолу партиядан чыгарылып, Кыргызстандан куулат. Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Ю. Абдрахмановдун жардамы менен 20-жылдардын акырында кайтып келип, республиканын Мампланында иштейт. 1935-жылы репрессияланган», — деп жазылыптыр. Төмөнүрөөктө бул уюмда А. Сыдыков жөнүндө башка маалыматтар жок экендиги кошумчаданыптыр.

Жооптуу адамдын колу коюлуп, мөөрү басылган жогорудагы справкага койгон дооматтарыбыз кайсылар деген суроо туулушу мумкун. Биринчиден, А. Сыдыковду «социалдык жат элемент» деген формулировка менен партиядан чыгарышканын кандайча түшүнүүгө болот? Кандайдыр бир аракеттери деппи же манап тукумунан болгондугу деп түшүнөлүбү? Экинчиден, М. Каменскийднн маалыматтары боюнча партиядан 4 жолу чыгарылган деген сөздөрдү кандайча кабыл алсак? А. Сыдыков менен тикелей каршылашкан адамга кантип ишенүүгө болот? Же тарыхчылар «эгини» менен «топонун» ажырата алышпай калганбы? Кокус башка бир олуттуу далилдер жок болсо, айда Каменскийдин кепилдиги бир жактуу десек жаңылбайбыз. Фактыларга таянбаган курулай кептерге ишене берүү жарабаса керек. Үчүнчүдөн, «отузчулардын» мучөсү а түгүл алардын

жетекчилеринен болгону жакшыбы же жаманбы — ачык айткылачы? Кыргызстан КП БКсынын Молдо Кылыч менен Касым Тыныстановдун чыгармачыл мурасы боюнча комиссиясынын мүчөсү Мар Байжиевдин оюна таянсак, мындай ишке баруу нака эрдик, маркстик-леннндик теориянын татаал маселелерин зирек талдай билуу десек болчудай. Төртүнчүдөн, куулган дегени эмнеси? А кезде элет саналган Фрунзеден Ташкен сыяктуу борборго жиберүүнү куулат дейт бекен?! Ал аз келсе, аймактын эң мыкты окуу жайына — САКУга ишке орношууга уруксат беришпедиби! Бешинчиден, 20-жылдардын аягында Ю. Абдрахмановдун чакыруусу менен кайра иштегени да күнөөгө жатабы? Ю. Абдрахманов биротоло акталганын. анын ишке чакыруусун азыр сыймык катары кароо керектигин. алиги справканы жазган адам андап билалбадыбы? .Акырында айтаарыбыз, А. Сыдыковдун кармалган мөөнөтү натуура көрсөтүлгөн. Артиллеристтер айтмакчы, эки жыл аша чаап кети- шиптир.

Бүгүн, социалисттик мамлекетибизднн бүтүндөй тарыхы түп тамырынан кайрадан каралып жаткан чакта, республикабызда репрессияланган адамдардын бардыгынын иштерин улам эртеңкиге калтыра бербей, жаңы директивалык көрсөтмөлөрдү күтпөстөн эле кайра куруунун бугунку талаптарынын жана критерийлеринин негизинде терең изилдеп чыгуу зарыл. Жаңы позицияларга өтүүгө, бир беткейлик менен көндүм нукту таштап, тарыхый чындыкты издөөгө, болгон иштерге 80-жылдардын акырындагы көз караште кароого жана алардын баарына партиялык ачык баа берүүгө мезгил жетти го дейбиз. А. Сыдыковдун мисалында даана көрүнгөндөй, бийик жоопкерчиликтин, профессионалдуулуктун, кылдат мамиле жасоонун жана терең талдоо жүргүзүү дараметинин жоктугунан алиги алешем иштермандардын эптекей справ-калары тигил же бул тарыхый ишмерлердин ишкердигине баа берүүдө кейиштүү бурмалоого жана каталарга кириптер кылат.

Адилеттик жана тарыхый чындык өкүм сүрсүн деген максатта ушул очерктин авторлору Кыргызстан КП БКнын алдындагы партиялык актоо

боюнча комиссияга Абдыкерим Сыдыковго тийиштуу бардык материалдарды өткөрүп берууго даяр экенин билдирет.

Кошумчалап кетээрибиз, 1958-жылы 28-июлда Туркстан аскер округунун аскер трибуналы өзүнүн 1934- жылдын 28-февралдагы жана 28-июндагы токтомдорун жокко чыгарып. А Сыдыковго байланыштуу ишти токтотуп өлгөндөн кийин сот тарабынан актаган